В преамбуле было указано, что Киргизская Советская Социалистическая Республика является равноправной частью Союза Советских Социалистических Республик, который символизирует единство советского народа и объединяет все нации и народности в построении коммунизма.

В Конституции было закреплено, что граждане Киргизской ССР обладают всеми политическими, социально-экономическими и личными правами и свободами, которые предусмотрены Конституцией СССР, Конституцией Киргизской ССР и законами Советского Союза. Социалистический строй обеспечивает расширение прав и свобод, постоянное улучшение условий жизни граждан в рамках реализации программ социально-экономического и культурного развития. Однако использование своих прав и свобод гражданами не должно причинять ущерб интересам общества, государства и правам других граждан.

Н.Т. Шерипов отмечает, что Конституция Киргизской ССР внедрила новую упрощенную и более демократическую систему организации представительных органов. Она также установила четкое разделение полномочий между органами государственной власти и их исполнительными органами, акцентируя подчинение всех органов государственного управления соответствующим Советам. Конституция ликвидировала положения, согласно которым законодательная деятельность велась несколькими органами, что способствовало стабильности и эффективности законодательного процесса. Особое внимание было уделено статье 22, которая делегировала Верховному Совету Киргизской ССР единственное законодательное полномочие: «является единственным законодательным органом Киргизской ССР», ограничивая другие государственные органы правом издавать только подзаконные акты [8].

**Список использованной литературы**

1. Адылов А.Н. Конституция Кыргызской Республики: от первой конституции до последней конституции XXI века // Вестник академии МВД КР им. генерал-майора Алиева Э.А. – Бишкек, 2014, вып. №4.
2. Конституция Туркестанской АССР от 5-14 октября 1918 года.
3. Собрание узаконений и распоряжений Рабоче-крестьянского правительства. – 1917. № 1, отдел 1; № 3, ст. 35; № 7, ст. 106; 1918. № 13, ст. 186; № 16, ст. 242 и др.
4. Конституция СССР от 3-12 января 1924 г.
5. Конституция РСФСР 1925 г.
6. Конституция Киргизской АССР от 30 апреля 1929 г.
7. Конституция Киргизской ССР от 23 марта 1937г.
8. Шерипов Н.Т. Конституционное развитие кыргызской государственности. – Бишкек, 2014.
9. Атабекова Н.К. Некоторые тенденции современного конституционализма в конституционной материи Кырызской Республики // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 58-64.

УДК 329.055 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-149-153

**Тайтелиева Н.С., Жакшылыкова А.Ч.**

Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Тайтелиева Н.С., Жакшылыкова А.Ч.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Taitelieva N.S., Zhakshylykova A.Ch.**
KNU named after J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК МАКАМЫ: КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ЧЕЧИМДЕР
# КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВОЙ СТАТУС ОМБУДСМЕНА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ: ПРОБЛЕМЫ И РЕШЕНИЯ
# CONSTITUTIONAL AND LEGAL STATUS OF AKYIKATCHY OF THE KYRGYZ REPUBLIC: PROBLEMS AND SOLUTIONS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) конституциялык-укуктук макамы каралат. Омбудсмен институтунун келип чыгышы, анын ар кайсы өлкөлөрдөгү аталышы жана иштөө тартиби, ошондой эле бул институттун кеңири жайылган моделдери талдоого алынат. Акыйкатчынын конституциялык-укуктук макамын аныктоочу укуктук-ченемдик актылар анализделет жана анын натыйжасында андагы бар болгон негизги көйгөйлөр белгиленет. Андан тышкары, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөрдү чечүү боюнча бир катар сунуштар берилет.

**Аннотация:** В статье рассматривается конституционно-правовой статус Омбудсмена Кыргызской Республики. Анализируется происхождение данного института, его название и порядок деятельности в разных странах мира, а также широко распространенные модели рассматриваемого института. Проанализированы нормативно-правовые акты, определяющие конституционно-правовой статус Омбудсмена, в результате чего выявлены основные проблемы, существующие в нем. Кроме того, разработан ряд рекомендаций по решению проблем, выявленных в ходе исследования.

**Abstract:** The article discusses the constitutional and legal status of the Ombudsman of the Kyrgyz Republic. The origin of the ombudsman institution, its name and operating procedure in different countries, as well as widespread models of this institution are analyzed. The regulatory legal acts defining the constitutional and legal status of the Ombudsman are analyzed, as a result of which the main problems existing in it are identified. In addition, a number of recommendations have been developed to solve the problems identified during the study.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы; Акыйкатчы; конституциялык-укуктук макам; ыйгарым укук; көйгөй; чечим.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика; Омбудсмен; конституционно-правовой статус; полномочия; проблема; решение.

**Keywords:** Republic of Kyrgyzstan; Ombudsman; constitutional and legal status; powers; problem; solution.

Омбудсмендин конституциялык институту дүйнөнүн басымдуу көпчүлүк өлкөлөрүнүн укук тутумдарынын ажыратылгыс элементи болуп калды. Бул институттун пайда болушун жана анын улуттук укук тутумуна киргизилишин XX кылымда жалпы

дүйнөнү каптаган ааламдашуунун маанилүү бөлүгү катары кароого болот. Каралып жаткан институттун пайда болушу тууралуу атайын адабияттарда ар кандай ойлор айтылып келет, бирок окумуштуулардын көбү анын пайда болушун Байыркы замандарга барып такалаары менен макул болушат. Рим империясында прокурорлор, цензорлор жана трибундар бар болгон; Байыркы Грецияда болсо архонт-эпонимдер; Байыркы Кытайда – көзөмөлдөөчү юань; Осмон империясында – мухтасибдер иш алып барышкан [1, 111-б.].

Омбудсмен институтунун пайда болушунун расмий датасы катары 1809-жыл эсептелет. Дал ушул жылы Швецияда парламенттик комиссардын кызмат орду пайда болгон. Омбудсмендин кызматы түзүлгөн экинчи өлкө болуп Финляндия саналат (1919-жылдагы Конституциясында башкы укук коргоочунун кызмат орду каралган), ал эми XX кылымдын ортосунан тарта бул институт дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө дагы кеңири жайыла баштаган [2, 268-б.].

Кыргыз Республикасында омбудсмен жөнүндөгү алгачкы сөздөр 2002-жылдын 2-январында мамлекет башчысынын Жарлыгы менен бекитилген “Адам укуктары” улуттук программасында камтылган. Аталган программада адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин соттук эмес коргоонун улуттук тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндөгү” мыйзамды кабыл алуу зарылдыгы айтылган [3]. Жыйынтыгында, бул мыйзам 2002-жылдын 31-июлунда кабыл алынган.

Бүгүнкү күндө омбудсмендин негизги милдети болуп инсандын укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын корголушун жана сакталышын камсыздоо саналат. Ар кайсыл өлкөдө бул институт ар башкача аталышка ээ: элдик коргоочу, жарандык коргоочу, медиатор, коомдук жактоочу, ыйгарым укуктуу адам, улуттук коргоочу [4, с. 166-б.]. Ал эми бул органдын укуктук макамы болсо ар кандай юридикалык күчтөгү укуктук актылар менен жөнгө салынат.

Кыргызстанда бул институт Акыйкатчы (Омбудсмен) деген аталышка ээ жана ага өлкөдөгү инсадын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөл жүргүзүү милдети жүктөлгөн. Бул аталыш жана милдет конституциялык ченем менен бекитилген (109-берене) [5]. Акыйкатчынын башка милдеттери жана ыйгарым укуктары болсо атайын тармактык мыйзам менен жөнгө салынат [6].

Заманбап шарттарда каралып жаткан укук коргоочулук институттун ишин эл аралык тажрыйбаны эске албай туруп өнүктүрүү, анын макамын бекемдөө дээрлик мүмкүн эместиги шексиз. Андыктан, инсандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун мамлекеттик механизмин жакшырак түшүнүү үчүн бул институттун иш алып баруусун башка өлкөлөрдүн мисалында дагы карап чыгууну максаттуу деп эсептейбиз.

Дүйнөлүк практикада омбудсмен институтунун негизги 3 модели кеңири жайылган. Бул моделдер бири-биринен омбудсмендин мамлекеттин укуктук тутумундагы орду, аны кызматка дайындоонун тартиби, тигил же бул бийлик бутагына отчеттуулугу же мындай отчеттуулуктун жоктугу, ыйгарым укуктарынын көлөмү жана башка маанилүү жагдайлар менен айырмаланат. Аталган моделдерге кыскача токтолуп өтөлү.

*Биринчиси*, аткаруучу омбудсмен модели. Бул моделде омбудсмен аткаруу бийлик бутагынын органдар тутумуна кирет. Адатта, ал кызматка президент жана өкмөт тарабынан дайындалат жана экөөнүн бирине отчеттуу болот. Мындай модель чанда гана кездешет, көрүнүктүү мисал катары Франция мамлекетин келтирүү орундуу. Бул жакта каралып жаткан институт Медиатор деп аталат, ал Министрлер Кеңеши (Өкмөт) тарабынан

дайындалат жана ага отчет берет. Башка өлкөлөрдүн ичинен биринчи моделге мисал катары АКШны дагы келтирүүгө болот.

*Экинчиси*, көз карандысыз омбудсмен модели. Бийликтерди бөлүштүрүүнүн классикалык моделинде ал өзгөчө бийлик бутагы болуп саналат, анын даражасы бийликтердин классикалык үчилтигине (мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги) тең келет жана алардан көз каранды эмес. Ошол эле маалда, ал президент же парламент тарабынан кызматка дайындалышы мүмкүн, бирок дайындалгандан кийин эч кимисине баш ийбейт. Мындай модель Нидерланддар, Португалия жана Намибия сыяктуу өлкөлөрдө орун алган.

*Үчүнчүсү*, парламенттик омбудсмен модели. Бул моделде омбудсмен парламент тарабынан шайланат жана ага отчеттуу болот, тактап айтканда институт мыйзам чыгаруу бийлигинин тутумунда турат. Омбудсмен парламенттик органдын ролун аткарат, бирок ыйгарым укуктарынын көлөмү бир кыйла чектелген болот. Аталган моделди дүйнөдө Швеция, Финляндия, Германия, Россия сыяктуу көпчүлүк мамлекеттер колдонуп келишет [1, 111-112-б.].

Келтирилген моделдердин ичинен акыркысы эң бир кеңири колдонулуучу жана натыйжалуу болуп саналат. Мунун себебин омбудсмен институтунун пайда болушунун тарыхый шарттары менен түшүндүрүүгө болот. Кыргыз Республикасында Акыйкатчы институту дагы парламенттик моделге кирет. Бул жагынан алып караганда биздин мамлекет алдыңкы тажрыйбаны колдонгон мамлекеттердин катарын толуктайт. Ал эми анын макамы болсо конституциялык деңгээлде бекитилген.

Андан тышкары, Кыргызстандагы тажрыйбанын артыкчылыктуу белгиси катары каралып жаткан институттун ишмердүүлүгүн ченемдик жөнгө салуунун деңгээлин конституциялык мыйзамдын даражасына көтөрүү мүмкүнчүлүктөрү мыйзам менен каралгандыгын айтууга болот. Маселен, Конституциянын 110-беренесинин талаптарына ылайык, анын 3-бөлүмүндө көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын иши жана алардын көз карандысыздыгынын кепилдиктери конституциялык мыйзам менен аныкталышы керек. Келтирилген конституциялык ченемге таянуу менен баш мыйзамдын 3-бөлүмүндө каралган атайын макамы бар мамлекеттик бийлик органдарынын ичинен Акыйкатчы институтунан башкасынын бардыгы өздөрүнүн тармактык мыйзамдарын конституциялык деңгээлге көтөрүп алышкан.

Иштин мындай жагдайы, албетте, Акыйкатчынын ишмердүүлүгүндө бир топ кыйынчылыктарды жаратат. Андыктан, омбудсмен институтуна байланыштуу тармактык мыйзамды конституциялык деңгээлге көтөрүү иштерин ыкчамдатуу зарыл деп эсептейбиз. Жаңыдан кабыл алынган мыйзамда Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин так көрсөтүү керек деген ойдобуз.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын өз ишин так жана натыйжалуу аткаруусу үчүн анын ыйгарым укуктарынын көлөмү жетиштүү деп айтууга болот. Мисалы, аракеттеги мыйзамда өлкөнүн башкы укук коргоочусунун 23 укугу бекитилген. Бул жагынан караганда эч кандай маселе деле жок. Маселенин бары ошол укуктарды жүзөгө ашыруунун кепилдиктеринде. Көпчүлүк мамлекеттик органдар, өзгөчө күч органдары укук коргоо институту менен өз ара аракеттенишүүдө анын мыйзамда каралган укуктарын сактабай койгон учурлар абдан көп кездешет [4, 167-б.]. Ошол себептүү Омбудсмендин мыйзамдуу талаптарын аткарбаган мамлекеттик органдардын

жетекчилеринин жана кызматкерлеринин жоопкерчилигин орнотуу аркылуу, анын ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун кепилдиктерин кеңейтүү маселесин чечүү зарыл.

Омбудсмен институтунун натыйжалуулугу, анын мамлекеттик жана коомдук турмуштагы орду бул институтту жетектеп турган адамдын жеке сапаттары жана кесиптик жөндөмдөрү менен тыгыз байланыштуу экендиги талашсыз. Кыргыз мыйзамдарына ылайык, өлкөнүн башкы укук коргоочусу болуп 30дан жаш эмес жана 65 жаштан ашпаган, мамлекеттик жана расмий тилдерди билген, соттуулугу жок Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат [6]. Тагырагы, омбудсмен болом деген адамга карата мыйзам менен 4 гана талап коюлган: жаш-курак, тил билүү, соттуулуктун жоктугу жана өлкөнүн жарандыгы.

Биздин көз карашыбызда, Акыйкатчыга карата коюлган квалификациялык талаптар аздык кылат. Мамлекеттин башкы укук коргоочусунун билими, иш тажрыйбасы жана ишмердүүлүгүнүн тармагы боюнча дагы талаптарды мыйзамга камтуу керек деген ойдобуз. Бул маселеде Россия мамлекетинин тажрыйбасын карап көрүү орундуу болот. Маселен, аталган өлкөнүн тармактык мыйзамында Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуунун адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери жаатындагы билими, ошондой эле аларды коргоо боюнча тажрыйбасы болушу керектиги каралган [7].

Ошону менен, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын конституциялык-укуктук макамын талдоонун жыйынтыгы менен биздин өлкөдөгү колдонулуп келе жаткан тажрыйба дүйнөдөгү эң кеңири жайылган жана натыйжалуу деп эсептелген моделге негизделгендигин айтууга болот. Бул институттун ишин жакшыртуу үчүн Конституциянын талаптарын так аткаруу менен тармактык мыйзамды конституциялык мыйзам деңгээлине көтөрүү, ошондой эле жаңы мыйзамга Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин орнотуу жана ага карата коюлуучу квалификациялык талаптарды күчөтүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар**


1. Волков Д.Н. Сравнительный анализ моделей института Омбудсмена в мире / Д.Н. Волков // Историческая и социально-образовательная мысль, 2015. Т. 7, № 2/, с. 111-114.

2. Демина Е.П. Сравнительный анализ деятельности Уполномоченного по правам человека и Омбудсмена в зарубежных странах // Образование и право, 2019, № 12, с. 267-271.

3. О Национальной программе «Права человека» на период 2002-2010 годы: указ Президента Кыргызской Республики от 2 января 2002 г. №1.

4. Саидов Ф.З. История становления и развития института Омбудсмена Кыргызской Республики // Труды Академии управления МВД России, 2021, № 3(59), с. 165-171.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди).

6. “Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. 2002-жылдын 31-июлу №136 (Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 7-июлундагы №114 Мыйзамынын редакциясына ылайык);

7. Об Уполномоченном по правам человека в Российской Федерации: Федеральный конституционный закон от 26.02.1997 №1-ФКЗ (ред. от 29.05.2023).

8. Карыпов Б.К. Роль юридической ответственности как средства повышения уровня правового сознания в демократических режимах // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 96-100.